
**Бишкек шаарынын №90 толук эмес орто мектебинин социалдык жактан муктаж болгон окуучулардын 5 жылдык мониторинги.**



**Бишкек шаарынын Ленин районунун №90 толук эмес орто мектебинин социалдык жактан коргоого муктаж болгон окуучулардын 5 жылдык анализи.**

**2018-2019 - окуу жылында** социалдык жактан муктаж болгон окуучулардын саны 136 болду. Аларга тоголок жана жарым жетимдер, аз камсыз үй-бүлөөлөр, жоолук орногон, ата-энесинин майыптыгы барлар, толук эмес үй-бүлөөлөр, майыптыгы бар окуучулар, сырткы жана ички мигранттардын балдары киргизилди.

**2019-2020- окуу жылында** социалдык жактан муктаж болгон окуучулардын саны 160 болду. Былтыркы жылга салыштырмалуу 36 балага көп көрсөткүч берди. Себеби: Жашоо шарты оор жана көп балалуу үй-бүлөлөрдүн үй- шарттарына кылынган "Үй -булө"рейддеринин негизинде квартирада эмес өз үйүндо тураарлары белгилүү болду жана 4 балалуулардын саны көп экендиги аныкталды.

**2020-2021- окуу жылында** 143 бала катталды. Былтыркы жылга салыштырмалуу  быйыл эмгек мигранттарынын балдарынын саны кескин азайган. Себеби: Пандемияга байланыштуу чет жерлерде иштеген жергиликтүү тургундардын өз жерине кайтып келүүлөрү жана толук эмес үй-бүлөрдө кайра жарашуулар себеп  болду.

**2021-2022- окуу жылында** 93 бала катталды. Былтыркы окуу жылына салыштырмалуу көп балалуулардын саны кескин түрдө азайды. Себеби: 5 баладан жогору киргендигине байланыштуу эки эсеге айзайган. Ал эми толук эмес уй- булонун балдарынын саны 10 дон 33 кө чейин көтөрүлдү. Быйылкы 1- класска келген окуучулардын көбүнүн туулгандыгы тууралуу күбөлүгүндө атасынын аты жазылбагандыгы белгилүү болду.

**2022-2023- окуу жылында** 151 окуучу катталды. Былтыркы жылга салыштырмалуу көп балалуулардын саны 31 ден 46 га көбөйдү. Толук эмес үй-бүлөнүн балдарынын саны 33 төн 45ке жетти. Бирок окуу жылынын башы богондугуна байланыштуу, бул көрсөткүчтү тактаган ажырашкандыгы тууралуу документ, справкалары аз санда. Окуу жылынын процессинде дагы такталып, ирээттелет.

Социалдык педагог:__________ Турарбек кызы Уулжан